| | | | |
|---|---|---|---|
| Санариптик технологиялар | Санариптик чөйрөдө иштөөгө көндүрүү | Графикалык редакторлор, онлайн платформалар | Жаңы формадагы эстетикалык көз карашты өнүктүрөт |

**Адабияттар**

1. Абдылдаева, М. **Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү** . Ош: ОшМУ, 2020. 115 б.
2. Абдуллаева, Г. **Чыгармачылык педагогика** . Бишкек: Эл Китеп, 2017. 190 б.
3. Айдарбекова, Н.**Дифференциациялоо жана индивидуальнодаштыруу билим берүүдө** . Бишкек: Билим, 2019. 110 б.
4. Артыкбаева, М. **Башталгыч класстарда окутуунун мазмундук түзүлүшү** . Бишкек: Илим, 2021. 145 б.
5. Асаналиева, Р.Ж. **Инновационный метод обучения принципу дидактики** // Педагогика жана билим берүү журналы. 2020. №2. Б. 70-78.
6. Бабанский, Ю.К. **Оптимизация текущего процесса** . М.: Просвещение, 1982. 192 б.
7. Байгазиев, С. **Окутуунун интерактивный методу** . Бишкек, 2004. 150 б. ISBN 9967-20-912-7.
8. Жумабеков, А. **Окутуунун инновациилык ыкмалары** . Бишкек: Илим китеп, 2021. 170 б.
9. Жумабеков, А. **Окутуунун психологиясы жана методика** . Бишкек: Илим китеп, 2021. 220 б.
10. Жумабеков, Б. **Педагогические технологии жана окутуу методдору** . Ош: Айкөл басмасы, 2021. 200 б.

**УДК:37.018.1** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i2.422**

## ТАРБИЯ БАШАТЫ ҮЙ- БҮЛӨДӨН БАШТАЛАТ

**Мурзабаева Бусанталат Буркановна – окутуучу ОшМПУ**

**Аннотация.** Бул макалада балдарды тарбиялоонун өзгөчө мааниси, тарбия процессинин үзгүлтүксүздүгү жана комплекстүүлүгү тууралуу айтылды. Үй-бүлө, мектеп жана коомчулук - үчөөнүн тыгыз өз ара аракетинде гана бала толук кандуу инсан болуп тарбияланарын белгиледик. Айрыкча, эмгекке тарбиялоо маселеси үй-бүлөдө башталаары, баланын дүйнө таанымы, жоопкерчилиги жана адамдык сапаттары дал ушул алгачкы чөйрөдө калыптанаары баса көрсөтүлдү.

Макалада эмгектин тарбиядагы ролу, ата-эненин жана мугалимдин үлгү көрсөтүүсү, үй шартында жана коомдук чөйрөдө эмгекке тарбиялоонун ыкмалары талданды. Мектеп менен үй-бүлөнүн тарбиядагы айырмачылыктары жана окшоштуктары Гегель сыяктуу ойчулдардын көз караштары аркылуу салыштырылып берилди.

Эмгекке тарбиялоо - бул келечекке жасалган инвестиция экенин белгилеп, ата-эне жана коом бул процессте активдүү катышуучу болушу керек деген жыйынтыкка келет. Макалада келтирилген ойлор педагогдорго, ата-энелерге жана билим берүү кызматкерлерине пайдалуу сунуштар катары кызмат кыла алат.

**Ачкыч сөздөр:** Тарбия, бала, эмгек, коом, ата- эне, технология, маданият ж.б.

## ВОСПИТАНИЕ НАЧИНАЕТСЯ В СЕМЬЕ

**Мурзабаева Бусанталат Буркановна- преподователь ОшГПУ**

Аннотация. В данной статье рассматривается особая важность воспитания детей, непрерывность и сложность образовательного процесса. Отмечено, что только в тесном взаимодействии трёх составляющих – семьи, школы и общества – ребёнок воспитывается как полноценная личность. В частности, подчёркивается, что проблема трудового воспитания начинается в семье, и именно в этой начальной среде формируются мировоззрение, ответственность и человеческие качества ребёнка.
В статье анализируется роль труда в воспитании, роль родителей и учителей в подаче примера, а также методы трудового воспитания в семье и общественной сфере. Сравниваются различия и сходства в школьном и семейном воспитании через призму взглядов таких мыслителей, как Гегель.
Отмечая, что трудовое воспитание – это инвестиция в будущее, автор приходит к выводу, что родители и общество должны быть активными участниками этого процесса. Идеи, представленные в статье, могут служить полезными рекомендациями для учителей, родителей и работников образования.
**Ключевые слова:** образование, ребёнок, труд, общество, родители, технологии, культура и др.

## THE BEGINNING OF EDUCATION BEGINS IN THE FAMILY

**Murzabayeva Busantalat Burkanovna – Lecturer at Osh State Pedagogical University**

**Abstract.** This article discusses the special importance of raising children, the continuity and complexity of the educational process. We noted that only in the close interaction of the three - family, school and society - a child is raised as a full-fledged person. In particular, it was emphasized that the issue of education for labor begins in the family, and it is in this initial environment that the child's worldview, responsibility and human qualities are formed.
The article analyzes the role of labor in education, the role of parents and teachers in setting an example, and methods of education for labor in the home and public sphere. The differences and similarities in education between school and family are compared through the views of thinkers such as Hegel.
Noting that education for labor is an investment in the future, it is concluded that parents and society should be active participants in this process. The ideas presented in the article can serve as useful recommendations for teachers, parents and educational workers.
**Keywords:** Education, child, labor, society, parents, technology, culture, etc.

Ар бир элдин, ар бир улуттун келечеги - анын жаш муундары. Ошондуктан балдар тарбиясы коомдун эң негизги жана эң жоопкерчиликтүү иши болуп саналат. Айрыкча бүгүнкү заманда маалымат агымы тездик менен өнүгүп, дүйнөлүк маданият аралашып жаткан учурда - балдарды туура жолго багыттоо мурдагыдан да кыйын, бирок ошончолук маанилүү маселе. Балдардын аң-сезими, дүйнө таанымы жаш кезинде калыптанат. Бул убакта бала айлана-чөйрөсүнөн, үй-бүлөдөн, мектептен жана технологиялардан таасир алат. Эгер бул таасир оң болбосо, бала туура эмес багыт алып кетиши толук мүмкүн. Мурда ата-бабаларыбыз “Баланы бешиктен тартып тарбияла” деп бекеринен айткан эмес. Биз бул макалада тарбиянын үй-бүлөдөгү ордун карадык.

Тарбиялоо процесси мезгил менен чектелбейт. Адамдын турмушу бул узак тарбия процесси. Бирок, анын жаш кезиндеги тарбиялоо процессинин таасири, негизги мүнөздөрдү калыптоо орчундуу ролду ойнойт.

Тарбиялоо процесси үзгүлтүксүз процесс. Мектептеги тарбиялоо процесси педагог менен тарбиялануучунун үзгүлтүксүз бири-бирине таасир этиши. Бирок, системага салынган, аныкталган удаалаштыкта жүргүзүлгөн тарбиялоо процесси аныкталган жыйынтыкка жетет.

Тарбиялоо процесси - комплекстүү процесс. Бул процесстин максаты, мазмуну, методу жана формасы инсандын аныкталган мүнөзүн калыптоо үчүн тандалат. Башкача айтканда, анын мазмуну, методу жана формасы максатка ылайыктуу болот. [1,125]

Балдар - бул аппак кагаз сыяктуу, аларга эмне жазылса, ошол бойдон өсүп чоңоёт. Ошондуктан бүгүнкү ата-энелер, мугалимдер жана коомчулук баланын тарбиясына кылдат мамиле кылышы керек. Балага жөн гана билим берүү жетишсиз, ага адеп-ахлак, жоопкерчилик, эмгекти сүйүү, адамдарга урмат көрсөтүү сыяктуу адамдык сапаттар да үйрөтүлүшү шарт.

Бүгүнкү күндө көптөгөн ата-энелер жумуш, турмуш деп жүрүп, балдарына жетиштүү убакыт бөлө албай жатышат. Кээде балдар тарбияны интернеттен, сыналгыдан же көчөдөн алып калып жатышат. Бул кооптуу көрүнүш, анткени сырттан келген тарбия ар дайым эле оң болбойт. Бала ата-энеден мээрим, түшүнүү жана туура багыт алган учурда гана коомго пайдалуу инсан болуп жетилет.

Тарбия – бул сөз эмес, аракет. Бала айтканыңды эмес, кылганыңды кайталайт. Эгер биз балдарыбызга жакшы үлгү көрсөтө алсак, анда келечек муун акылдуу, боорукер жана жоопкерчиликтүү болуп өсөт. Демек, бүгүнкү күндө ар бирибиздин милдет – балдарыбызга туура тарбия берүү, аларды сүйүү жана колдоо.

Мындан тышкары, бүгүнкү күндө балдарга билим берүү менен катар адамдык сапаттарды - адептүүлүк, боорукерлик, улууларга урмат, эмгекти сүйүү, жоопкерчилик жана мекенге болгон сүйүү сыяктуу касиеттерди да үйрөтүү керек. Ата-эненин, мугалимдин жана чоңдордун жүрүм-туруму, сөзү, мамилеси аркылуу ал дүйнөнү таанып-билет. Ошондуктан “тарбия – бул айтылган сөз эмес, көрсөтүлгөн үлгү” деген сөз бүгүн да өз актуалдуулугун жоготкон жок.

Үй ичинде ата- эненин бири-бирине жасаган мамилеси балдарга өтө чоң тарбиялык таасирин тийгизет. Ошондуктан ата менен эненин балдарды тарбиялоодогу аракети, мазмуну, максаты боюнча бир болуп, тарбиялоонун методу жана формасы ар түрдүү болуусу мүмкүн. Ата-эненин нравалык маданияттуулугу алардын балдарынын нравалык аң-сезиминин, маданиятынын калыптануусуна таасир этпей койбойт, анткени, адамдын канчалык маданияттуу экендиги биринчи кезекте үй-бүлөдө сыналат. Адептүүлүк, сылыктык, жөнөкөйлүк, принциптүүлүк, кичи-пейилдүүлүк сыяктуу жогорку нравалык сапаттардын, ошондой эле оройлук, жалганчылык, дүнүйөкорлук сыяктуу моралдын нормаларына жана принциптерине каршы турган терс сапаттардын калыптануусунда да үй-бүлөгө маанилүү роль тиешелүү.

Адамдын ички дүйнөсү: оюу, сезими, шыктуулугу, адаты анын жүрүш- турушунан, башкаларга, коомдук мүлккө карата жасаган мамилесинен көрүнөт. Мына ушуларга карап, биз анын мүнөзү, артыкчылыктары жана кемчиликтери жөнүндө сөз кылабыз.

Бүгүнкү коомдо тарбия процессинде бир максаттуулук, аны ишке ашыруунун шарттары менен болгон үй- бүлө менен мектептин ортосунда балдарды тарбиялоого байланыш бар. Ошондуктан үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо ишине карата айтылгандардын көпчүлүгү мектепке да тиешелүү. Бирок, көпчүлүгү дегенибиз, бардыгы деген маанини түшүндүрбөстүгү белгилүү. Үй-бүлөдө жана мектепте тарбиялоонун окшоштуктары менен бир катар айырмачылыктары да бар. Алардын негизгилеринин бири, мектептик тарбиянын тармактуулугу, башкача айтканда анын окуу менен болгон тыгыз байланышы. Мында тарбиялоо иши билим берүү процесси менен диалектикалык бирдиктүүлүктө жүргүзүлөт.[2,65]

Мектептик тарбиянын үй-бүлөдөгү тарбияга караганда айырмачылыктары жөнүндөгү маселе көптөн бери илимди кызыктырып келе жаткан маселелердин бири. Немецтик классикалык философиянын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Гегель бул жөнүндө өз заманында мындай деген: Эгер үй-бүлөдө бала «өзүнүн түздөн-түз балалыгы менен бааланса» жана аны «анын жүрүш-турушунун жамандыгына карабай жакшы көрүшсө», мектепте баланын түздөн-түз балалыгы менен өз маанисин жоготот. Бул жерде аны менен бир нерсеге жетишкен адам катары эсептешишет, бул жерде аны жакшы гана көрүшпөстөн, жалпы тартипке байланыштуу сындашат, ага багыт беришет, бекем эрежеге ылайык окуу куралдарынын жардамы менен билим беришет.

Бул жерде көз караштын бир жактуулугун, башкача айтканда мектептик жана үй-бүлөлүк тарбиянын айырмачылыктары жөнүндө гана сөз болуп, алардын окшош жактары жөнүндө айтылбагандыгын белгилей кетүү керек. Ошого карабастан, улуу немец философу туура белгилегендей, үй-бүлө баланы биринчи кезекте өзүнүн уулу, кызы же небереси катары баалайт да, балага болгон ата-энелик сезим, тарбиялык милдеттерден басымдуулук кылып турат (үй-бүлөлүк тарбиянын күчү да, өзгөчөлүгү да, анын субъективдүүлүгү да мына ушунда), мектеп болсо, баланы окуучу катары карап, анын «балага болгон жакшы көрүүсү» (эгер гегелдик терминди колдонсок) окуучунун окууга, мектептик коллективде өзүн-өзү алып жүрүүсүнө, ага карата болгон камкордукка жасаган мамилесине байланыштуу милдеттерин аткаруусуна жараша болот.

Биздин коомдогу мектептин тарбиялык идеалы жалпы билим берүү программасында айкын-ачык көрсөтүлгөн, башкача айтканда мектептин тарбиялык иши ички рухий дүйнөсү бай, нравалык жактан таза, ден соолугу мыкты жаштарды тарбиялоого багытталган. Бул процессти мектеп окуучуларга жаратылыштын жана адам коомунун өнүгүшү, жана анын закон ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү билимдерди ачып көрсөтүү болуп саналат.
Коомдун өнүгүшүнө, педагогикалык мүмкүнчүлүккө жараша, окуучулардын кызыгуусуна ылайыктуу тарбиялоо принциптери дайыма толукталып, такталып турат. Азыркы мезгилде, тарбиялоо процесси төмөнкү принциптердин негизинде жүргүзүлөт:

- тарбиялоонун коомдук багыттуулугу;
- тарбиялоонун турмуш, эмгек менен байланышы;
- тарбиялоодо оң таасирлерге таянуу;
- тарбиялоонун гумандуулугу;
- инсандык мамиле;
- табиялоо таасирлеринин биримдүүлүгү.

Тарбиялоо процесси дайыма мамлекеттик түзүлүштү бекемдөөгө, мамлекеттик закондуулукту сактоого жана мамлекеттик идеологияны андан ары жайылтууга багытталган. Анткени ар бир педагог мамлекеттин жалпы тарбиялоо максатын иш жүзүнө аткарууга умтулушу керек. Жогорудагы принцип мектепте эле үй- бүлөдө да ишке ашырылса максатка ылайык болот.[2,131]

Азыркы учурда жаш муундарды эмгекке мамиле жасоо принцибинде тарбиялоодо мектеп негизги орунду ээлеп калды. Эмгекчилдикке тарбиялоо, окуучулардын коомго пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгеги бардык фундаментине негизделген. Туура, илимий көз караршты калыптандыруу, демек окуучунун толкундантып жаткан суроолоруна ынанаарлык жооп берүү дегендикке жатат. Эмгекчилдикке тарбиялоо, окуучулардын коомго пайдалуу жана өндүрүмдүү эмгеги бардык окуу тарбия ишин идеялык жана нравалык жактан толуктоо менен окуучуларга социалдык жана кесиптик багыт берүү ишинде эң жакшы натыйжаларды берет.

Гуманизм (гумандуулук) – адам инсан катары баалуу, ал эркиндикке, бакыт таалайга акылуу, теңдик, адилеттик, адамкерчилик адамдар ортосундагы кадыр эсе мамиле болууга тийиш деп эсептеген, өзгөрүп туруучу тарыхый көз караштар системасы. Андыктан гумандуулук тарбия процессинде өзгөчө мааниге ээ. [4]

Баланын алгачкы тарбиясын, дүйнөгө болгон көз карашын, мамиле маданиятын жана эмгекке болгон мамилесин ата-энеси берет. Ошондуктан эмгекке тарбия берүү да, биринчи кезекте, үй-бүлөдөн башталышы керек. Эмгек – бул адамдын жашоосундагы негизги баалуулуктардын бири. Аны кичинесинен балага туура түшүндүрүп, эмгекти сүйүүгө, эмгекчил болууга үйрөтүү – ата-эненин башкы милдеттеринин бири.

Үй-бүлөдө балага эмгекке болгон мамилени калыптандыруу күнүмдүк турмушта, жөнөкөй иштер аркылуу ишке ашат. Мисалы, бөлмөсүн иреттөөнү, оюнчуктарын жыйноону, дасторкондо ата-энесине жардам берүүнү, жуунуп-тазаланууну өз алдынча аткарууну үйрөтүү – эмгекке тарбиялоонун алгачкы кадамдары болуп саналат.

Эмгекке тарбиялоо баланын жоопкерчилик сезимин өнүктүрөт. Ар бир тапшырманы убагында, так аткаруу аркылуу бала өзүнө ишенимдүү болуп өсөт. Ошондой эле, эмгектин

аркасында балада чыдамкайлык, тартиптүүлүк, сабырдуулук, башкаларга жардам берүү сыяктуу сапаттар калыптанат.

Ата-эне өзүлөрү да эмгекчил болуп, үлгү көрсөтсө, бала сөзсүз түрдө ошого үйрөнөт. “Балдар укпайт, көрөт” деген макал бекеринен айтылган эмес. Ата-эне күнүмдүк турмушта кандай эмгектенсе, бала да ошол жүрүш-турушту кабыл алып, кайталайт.

Мындан тышкары, айыл жергесинде жашаган балдарга талаа иштерине, мал кароого, бакча багууга жардам берүү аркылуу эмгекти сүйүүгө үйрөтүүгө болот. Шаардагы балдар болсо үй иштерине, жеңил жумуштарга тартылып, өзүн өз алдынча алып жүрүүгө тарбияланышы керек.

Эмгекке тарбиялоо – бул балага келечекке болгон инвестиция. Эмгекчил, жоопкерчиликтүү жана тартиптүү бала келечекте ийгиликке жетип, коомго пайдалуу инсан болуп өсөт. Үй-бүлө бул багытта башкы ролду ойнойт. Ар бир ата-эне баласын эрте жашынан тартып эмгекти сүйүүгө үйрөтсө, келечекте жоопкерчиликтүү жарандарды тарбиялап чыгат. Эмгек – адамды адам кылат!

Тарбиянын башаты үй- бүлө болуп саналат. Лев Толстой мындай дейт “ Бардык бактылуу үй- бүлөлөр бири- бирине окшош, ал эми ар бир бактысыз үй-бүлө өзүнчө бактысыз”. Бактылуу үй- бүлөнүн негизги белгилери дээрлик окшош, демек жакшы тарбия жолдорунун формуласын табууга болот. Ал эми тарбиясы начар үй- бүлөнүн бактысыз болушу түрдүү жагдайларга жараша боло тургандыгы белгилүү. Демек, бактылуу үй-бүлөлөрдү бириктирип турган жалпы баалуулуктар бар - бири-бирине болгон урмат, түшүнүү, сүйүү, колдоо, жоопкерчилик, бирге аракет кылуу жана башкалар. Бул сапаттар бардык бактылуу үй-бүлөлөрдө кездешет жана дал ушулардын негизинде аларда тынчтык, ынтымак, тарбиялуу балдар өсүп чоңоёт. [3]

Улуттук каада-салт–бул улуттун жашоосунда, турмуш-тиричилигинде, үй-бүлөлөрүндө такай колдонулуп туруучу жүрүм-турум ченемдеринин, эрежелеринин, ырымжырымдарынын, адеп-ахлак, жөрөлгөлөрүнүн, жол-жоболорунун жыйындысы. Каада-салт улуттан ажырабайт, аны менен кошо калыптанып, узак мөөнөт пайдаланылып келет, белгилүү географиялык чөйрөгө жана тарыхый шарттарга байланыштуу калыптанып, кезеги келгенде өркүндөтүлөт. Улуттук каада- салтка сугарып бала тарбиялоо ата-энелик парздардын бири деп эсептейбиз.[5]

Ар бир баланын келечеги – ата-эне берген тарбияга байланыштуу. Бала коомдун мүчөсү катары ар тараптан өнүксө, бул – биринчи кезекте үй-бүлөнүн эмгеги. Эгер ар бир ата-эне баласына жоопкерчилик менен мамиле кылса, анда коом да өнүгөт, мамлекет да бекем болот. Андыктан бала тарбиясын башкаларга жүктөбөстөн, ар бир ата-эне алгач өзүнөн башташы керек.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Мамбетакунов Э.М., Сияев Т.М., Педагогиканын негиздери: Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы/ Кырг. Респ. билим жана маданият м-лиги, Нарын мамл. ун-ти. –Б.: Педаго-гика, 2002.- 148 б.
2. Мамбетакынов Э.М., Сияев Т.М, Педагогиканын негиздери: Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы/ Кырг.Респ.билим жана маданият м-лиги, Нариын мамлекеттик университети.-Б.: Педагогика, 2002.-148б.
3. Даминова, И. Бала тарбиялоодо үй бүлөлүк баарлашуунун ролу / И. Даминова // Вестник Ошского государственного педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2024. – Vol. 2, No. 2(24). – P. 96-102. – DOI 10.56122/..v2i2.234. – EDN JPMAOE.
4. Айтибаева, А. А. Мектеп окуучуларына гумандуулук тарбия берүүдө класс жетекчинин ишмердүүлүк өзгөчөлүктөрү / А. А. Айтибаева, Н. К. Каныбекова, Ж. Ж. Заилова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2024. – No. 1. – P. 275-278. – DOI 10.26104/IVK.2024.84.30.062. – EDN KEUGSZ.
5. Жалилова, С. Улуттук каада-салттын студент жаштардын рухун жана адеп-ахлагын өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү / С. Жалилова // Вестник Ошского государственного

педагогического университета имени А. Мырсабекова. – 2021. – No. 1(17). – P. 152-157. – EDN SXNJQM.